***Молдалиева М.И.***

# БАЙЫРКЫ ЖАНА АЗЫРКЫ КЕЗДЕГИ КЫРГЫЗ МЫРЗАЛАРЫНЫН ЭТНИКАЛЫК КИЙИМДЕРИ

*Бул макалада байыркы жана учурдагы кыргыз мырзаларынын кийимдери каралган. Макаланын негизин байыркы кыргыз элинин кийген кийимдери менен учурдагы заманбап кийимдердин өзгөчөлүктөрүнө болгон көз караш түзөт.*

Кыргыздын улуттук кийимдери 700 жылдан бери өзүнүн өзгөчө кооздугу менен айырмаланган баалуулугун жоготпой келе жаткандыгы белгилүү.

Кыргыздардын улуттук кийимдери элибиздин тарыхы менен тыгыз байланышта болуп, материалдык жана ички маданиятынын негизги бөлүгү болгондуктан учурда бир катар илимий изилдөөлөрдү талап кылат.

Акыркы мезгилде адамдар өзүнүн улуттук кийимдерин унутуп, батыш тараптын модасын кубалап кийинишип келе жаткандыгы анык. Бирок, Кыргызстандагы белгилүү дизайнерлер заманбап, саркеч кийимдерди илгэрки оюулар менен кооздоп, улуттун модага болгон көз карашын өзгөртүүдө.

Бул өзгөчөлүктөрдү кыргыздардын салттуу турак-жай жасалгаларынан жана кийим-кечесинен жакшы байкасак болот. Кыргыз элинин көчмөн жашоо мүнөзү аларга кийим бычууда да таасир эткен. Алсак, атка тез-тез жана узакка минүү зарылдыгы кыргыздарды узун этектүү, кең, этеги кымтылануучу, бели кездеме кур же кадимки кур менен курчалган кийим тигүүгө мажбурлаган. Кийимдин бул өзгөчөлүктөрү атчан жүрүүдө эркин кыймылдоого көмөк берген жана жылдын суук мезгилинде жылуулукту сактаган. Сырт кийимдин жеңи узун, ийини жазы жана жең учу тар тигилген. Мындай жеңден кол үшүгөн эмес, аткени колду дайыма жеңдин ичине катып жүрүүгө, ошол эле учурда жеңдин учун манжалар менен кармап жаап алууга мүмкүн болгон (1-сүрөт) [1].

18-кылымдагы маалыматтардан алганда, кыргыздардын кийимдери байлардыкы жана карапайым адамдардыкы болуп айырмаланган. Бай адамдар парчадан, баалуу терилерден, алтын, күмүш, маржан менен кооздолгон, жакшы бут кийим жана ак кийизден баш кийимдерди кийишкен. Ал эми карапайым эл башына жөнөкөй баш кийим, үстүнө жүн кездемеден болгон кийимдерди, белин мата менен бууп, колго жасалган бут кийимди тешилгенче пайдаланышкан.

1-сүрөт. Кыргыздардын кийими. 1892 ж.

2-сүрөт. Эркектердин улуттук кийими азыркы кезде

Бүгүнкү күндө, жашообузда жаңы технологиялар алдыга умтулуп, улам жаңы ачылыштар пайда болуп жаткан заманда, шаардагы адамдардын жашоосу илгэркидей боз үйдө эмес

асман тиреген бийик,  көп кабаттуу тамдарда болгондуктан, кийимдери да бул шартка жараша ылайыкташтырыла баштады.

Башкача айтканда, азыркы кездеги эркектердин этно кийими  мурункулардан айырмаланып тургандыгы белгилүү (2-сүрөт). Учурда, кээ бир дизайнерлер илгэрки улуттук кийимдерге көңүл бөлүп, оригинал кийимдерди сактап калууну  искусствого айландырышууда.

Эркектердин этника кийимдеринин дизайнери Миррахим Токтогуловдун айтуусу боюнча, кийим коммуникация элементи катары, андан  адамга болгон мамилени аныктаса болот. Анын ою боюнча, кийимдин өзгөчөлүгү анын практикалуулугунда.  Кийим адамдын психикасына ойлонуу аркылуу таасир берээрин кээ бирлери байкабайт. Илгэри кийим кийингенге гана керек болсо, азыркы убакта кийим кооздук үчүн керектелип адамдын ажарын ачат.

**Калпак** жөнүндө айтсак, бул кыргыздын байыртадан келе жаткан улуттук баш кийими. Алар кызгылт түстөгү кылчык, кийинчерээк ак уяң жүндөн жасалган. Атайын бышык басылган кийизден төбөсү бийик, этеги тегерек бычылып, оймо-чийме түшүрүлбөгөн, төбөсүндө чок чыгарылбай, астарсыз бир гана тигиш менен бириктирилип, ошол жери маңдай делген. Калпак көбүнчө ак кийизден жасалгандыктан «**ак калпак**» деп аталган. Бара-бара калпактын бычылышы менен формасы өркүндөтүлүп, көркөмдөлө баштаган. 18-19-кк. жарымына чейин калпак төбөсү жапызыраак, эки талаа болуп бычылып, тигилген. Талаалардын кошулган жери көбүнчө тыбыттан ийрилген жип же өрүлгөн кыл. Ошондой эле, атайын даярдалган кездеме менен милтеленип, чети кыл, шоона жип менен кооздолуп, саймаланган, төбөсүнө чок тагылган. Кайрууга ыңгайлуу болушу үчүн калпактын эки жеринен тилик калтырылган. 19-кылымдын 2-жарымында калпактын төрт талаа төбөсү мурдагыдан да жапыз бычылып, жээги 7-12 см. кездеме көбөлөнүп, төбөсүнө чок чыгарылып, жээктерине жана талааларына сайма түшүрүлүп, ичи астарланат [2].

Учурда кыргыз калпактын түрлөрү көбөйүп, эстетикалык табити, сапаты жакшырып бара жатат. Төбөсү узунураак  келген калпактар басымдуу абалда.

Белгилей кетсек, кыргыз кийимдеринин сапатын жана баалуулугун сактап калуу мезгилдин талабы. Бул багытта “Кыргыз калпагы муундан муунга” проектисинин жетекчиси Клара Асангулованын “Базардагы сатылган кыргыз улуттук кийимдеринин сапаты начар жана синтетика кездемелеринен жасалууда, бара-бара ошентип кыргыздардын нукуралыгы жоголуп, өчүп кетпесе экен” – деп, төмөнкүчө ой бөлүшкөн. “Кыргыздардын калпагы төрт бөлүктөн бириктирилип тигилет – ал  жердин төрт тарабын, төрт мезгилди, жаратылыштын төрт кубулушун (суу, аба, от, жер) билдирет. Ал эми калпактын чокусу бириккен жерге, космостун энергиясы өтүп турат, ортосунан чыккан чачык -  бул күндүн нуру”–деп түшүндүрүлөт. “Илгэри кыргыздар бирөөгө баш кийимин тартуу кылчу эмес, анын ордуна чапан, ат белекке берилчү. Калпак тартуу кылган – бул алардын алдына башыбызды ийгенибизди билдирген. Кийизден жасалган калпак ден – соолукка абдан пайдалуу, кышында жылуу, жайында салкын, күн нурунан тосот”. [3].

Кыргыздардын чепкенинин баалуулугуна токтолсок, бул байыртадан келе жаткан сырт кийим жана башкы кийит катары колдонулат. Анын жердигин уздар таардан да, кездемеден да тандашкан. Суп чепкен, төөнүн жүнүнөн чарык жиптей ичке ийрип, аны оңго-солго чыйратып, өрмөк аркылуу таңдайлаштырып, эндүү согуп, муну бычып, жалаңкат ичтеп тигишет. Аны «Төө чепкен» деп да аташат. Кийим, мала күрөң тартып, ачык маанайды берген жана бышык болгон. Чепкен чапандан кенен тигилет да, ичтелип, ага жүн менен кебез калыңыраак салынат. Буга бүчүлүк менен топчу кадалат. Азыр чепкен-чапан, чапан-чепкен аралаш мааниде колдонулууда [1].

Мал чарбачылыгын арка тутуп, көчүп-конуп, жашоо-тиричиликтерин өткөргөн кыргыз элинде жалаң жүндөн жасалган чепкен наркка өткөн. Тепме чепкенди «таар чепкен» деп

айтат. Тепме чепкенди — өрмөктө кезек согулган таарды кайнатып, кадимки кийиздей киргизип, тепкилеп, басып сыйдалта жасаган. Кездемелердин жердигине карата — бөз чепкен, нооту чепкен, чий-баркут чепкен, баркут чепкен, кымкап чепкен, парча чепкен, трайке чепкен деп айтылат. Булар тигилишине карата басма чепкен, шырыма чепкен, жалаңкат өңдүүлөргө бөлүнөт. Азыр өнөр жай ишканаларында элге эң керектүү буюмдардын жана кийимдердин катарында чепкен менен чапан тигилүүдө. Анда, бул эки сырт кийимдин айырмалары анча баамдалбайт. Булардын негизги жердиги кездемеден болот.

Белгилей кетсек, чепкен тибиндеги эркектердин сырт кийими көп түрдүүлүгү менен айырмалаган. Бардык чепкендер оң жагына кымтыланат. Бийик тоолуу жерлердеги жарым көчмөндөр азыркыга чейин кээде кой терисинен тигилген бышык сырт кийим – **тон** кийишет, түгү ичин карайт. Кышкы чепкендерди козунун, түлкүнүн же карышкырдын (бөрү) терисинен даярдашкан.

20-кылымдын башталышында Ысык-Көлдө койдун терисинен тигилген чепкендин жаңы түрү пайда болгон. Ал женил заманбап бычылышта болгон жана орус стилин туураган: бели артынан бүйүрмөлөнгөн жана кичинекей кайырма жакасы болгон. Чепкендин бул түрү **орус тон** же **бүйүрмө тон** деген аталыш менен белгилүү. Бул тон-чепкендер койдун же түлкүнүн терисинен, же болбосо байлар үчүн суусар сыяктуу жаныбарлардын кымбат баалуу тери менен жасалгаланган. Бул эркектер үчүн ашка-тойго кийүүчү кийим болгон жана кыз тоюнда кудага кийгизилген. Салтанаттарда байлар өздөрүнүн териден тигилген, кооз оймо-чиймелер менен жасалгаланган мыкты чепкендерин, бай кийимдерин элге көрсөтүшкөн. Бул чепкендер **каптама тон** же **ичик** деп аталанган. Алар малчылардын тондоруна караганда өлчөмү кичирээк, кыскараак болуп, багалекке чейин жеткен жана «шаардык стилге» жакындашкан: жеңи колдун манжаларын жаппагандай кыска жана кичинекей кайырма жакалуу болгон. Мындай тондор (чепкен, чапан) азыркы мезгилде деле кийилип келе жатат. Материалы илгэркидей кой, түлкү, карышкыр болсо да, кийимдин бычылуу конструкциясы жана жасалгалоосу жаңы технологиялар менен тигилүүдө. Азыркы кездеги дубленкалар жана шубалар тондон келип чыккан жаңы кийимдер деп санасак болот.

Кыргыздардын кийизден тигилген чоң чепкени - **кементай**, ошондой эле кебенек же кебанак деп аталган. Нукура ак түстөгү койдун жүнүнөн жасалган бышык кийиз алды тилик, узун жеңи бар узун чепкен колдолунган жана тигиш сызыгында түстүү оймо-чиймелер менен коoздолгон. Жеңдин четтери, этеги жана жакасы ак аппликациялуу кара булгаары менен кооздолгон учурлар да кездешкен.

“Чапан” студиясынын жетекчиси Жумагүл Сариева байыркы чапанды заманбап образга келтирип иштейт, анын айтымы боюнча, кийим аркылуу адамдын мүнөзүн билдирсе болот. Байыркы чапанды жаңы образга келтиргенде эч кандай жаңы технологияны пайдаланбайт экен. Илгэркидей апалардан калган ыкманы пайдаланат экен. Ортосуна кебез салынып шырылат, ал жылуу гана болбостон, шырылгандан кийин бекем да болот. Андай тигилген чапан бырышпайт (3,4-сүрөт).

3-сүрөт. Чапан салтанаттарда да кийилүүдө

4-сүрөт. Чапан мырзаларды көркүнө чыгарат

Демек, кыргыз элинин этникалык кийимдеринин баалуулугун, маданиятын сактап калуу үчүн, алардын бычылышы жана жасалгалануусу бурмаланбастан учурдун заманбап тиглген кийимдерине көрк кошуп турушу керек. Мындай түрдөгү маданият үй-бүлөлүк чөйрөдө көбүрөөк таасир этүүчү салттар аркылуу мундан-муунга өтөт.

Адабияттар:

1. "http://ky.wikipedia.org/w/index.php

2. Каратаев О. К., Эралиев С. Н. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Бишкек,  «Бийиктик», 2005ж. 136 б.
3.  http://bpost.kg/news

***<u>Рецензент: ф.и.к., доцент Иманалиев С.С.</u>***